# И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи

*050709 «Баштапгыч класстарда окутуу» бюджеттик жана контракттык негизде;

*050721 «Дене тарбия» адистиги күндүзгү бюджеттик күндүзгү, контракттык жана сырттан окуу бөлүмүнө .

*050303 Чет тили

*230111 Компьютердик системада программалоо адистиктеринде контракттык негизинде билим берет.



## Тапшыруу учун документтер:

1.Аттестат же билими тууралуу күбөлүктүн (туп нускасы)
2. 0-86 формасындагы медициналык маалымкат.
3. 063 формасындагы мед.карточканын көчүрмөсү
4. 3*4 өлчөмүндөгү фото сүрөт 6 даана.
5. паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү

Тел. 03922 5-32-39

Эл аралык конкурста




Студенттер мектепте педагогикалык практика учурунда



КПК

**И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи**

Кыргыз Республикасы,
Ысык-Көл облусу,
Каракол шаары,
Гагарин көчөсү, 15

Телефон: 03922 53239
Инстаграм: @i.biybosunov.ped.college
Электрондук дарек:karakolpkib1930@mail.ru
Колледждин сайты: www.kpk.kg

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

# И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи



## Кош келиниздер!

Телефон: 03922 53239

# И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи

И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи 1933-жылы уюшулган.

И. Бийбосунов атындагы педагогикалык колледж—материалдык—техникалык базасы, интернетке кошулган компьютердик класстары, окуу—методикалык куралдарга бай кабинеттери бар өз алдынча окуу жайы.

Педагогикалык колледж студенттерди окутуунун методикасына жана башталгыч класстарды окутуу педагогикасына адистешкен. Негизинен балдарга билим берип, тарбиялоодо, алардын өзгөчөлүктөрүн эске алып, жаңы ыкмаларга басым жасалат.

Окуу процессинин жүрүшүндө студенттер өздөрүнүн профессионалдык даярдыктарын жана көндүмдөрүн, өстүрө алышат.
Окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү билим берүүнүн мамлекеттик жана жеке менчик мекемелеринде эмгектене алышат. Жалпысынан, педагогикалык колледж билим берүү тармагында өзүн көрсөтө алган керектүү адистерди даярдайт.
И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи орто кесиптик билимдүү адистерди даярдоого укуктуу LC150000378 лицензия жана №SC150001240 сертификатына ээ.
Педагогикалык колледжди Кыргыз Республикасынын Билим берүүсүнүн отличниги Молдосанов Саламат Усенбаевич жетектейт жана 55 окутуучу эмгектенет. Анын ичинен 31 мугалим Билим берүүнүн отличниги.
Билим берүү 3 окуу корпусунда жүргүзүлүп, аларда 36 аудитория, 4 компьютердик, 1 мультимедиялык класстар, 2 технология кабинети бар. Компьютерлердин жалпы саны-84.
Окуу жайдын китепканасынын окуу, илимий—методикалык жана сурап билүү адабияттарынын фонду 63856 нускадан ашуун орус жана кыргыз тилиндеги китепти түзөт.Ошондой эле электондук китепканасы бар Муктаж болгон студенттерге бардык шарттары бар жатаканадан орун берилет.
И. Бийбосунов атындагы Каракол педагогикалык колледжи «Башталгыч класстын мугалими» адистигине бюджеттик жана контракттык негизде, «Дене тарбия», «Чет тили», «Компьютердик системада программалоо» адистиктерин даярдайт.



«Акыркы конгуроо»кечесинде



Окуу жайдын директору С.У.Молдосанов Венгрия элчилиги менен

Биздин окуу жайга негизги орто мектептин 9-классын жана толук орто мектептин 11-классын аяктаган абитуриенттер кабыл алынат.
9-классты аяктагандар үчүн окуу мөөнөтү—2 жыл 10 ай. 11-классты аяктагандар үчүн окуу мөөнөтү—1 жыл 10 ай. Сырттан окуу бөлүмүнүн мөөнөтү 11 –класстын базасында 2 жыл 6 ай. Педагогикалык окуу жайында окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.
2023-жылдын 23-25– апрель күндөрү Бишкек шаарында « Биз 21-кылымдын интеллектуалдарыбыз » аталышында өткөн Эл аралык мелдеш болуп, III орунду багынтышты



Студенттердин чыгармачылыгы